УДК 351/354
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-314-318

**НУРМАТОВА Г.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**НУРМАТОВА Г.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**NURMATOVA G.A.**
KNU J. Balasagyn

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН “КУТТУУ БИЛИМ” ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ЭЛЕМЕНТТЕРИ

# ЭЛЕМЕНТЫ ГОСУДАРСТВЕННОГО УПРАВЛЕНИЯ В ПРОИЗВЕДЕНИИ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА “БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ”

# ELEMENTS OF PUBLIC ADMINISTRATION IN THE WORK OF ZHUSUP BALASAGYN “BLESSED KNOWLEDGE”

**Кыскача мүнөздөмө:** Автор белгилүү түрк окумуштуусу, мамлекеттик ишмер Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” чыгармасында мамлекеттик башкарууда негизги элементтерди белгилеген. Канча кылымдар өтсө дагы аны чыгармасы бугункү күнү дагы өзүнүнүн актуалдуулугун жоготкон жок. Демек ошол кездеги жана азыркы кезде мамлекеттик башкаруунун элементтери, принциптери өзгөргөн жок. Дастанда инсандын же болбосо мамлекеттин башчыларынын улуулугу анын билимдүүлүгүндө, билим аркылуу ар кандай кырдаалдардан жол таап чыгып кеткенинде жатат. 2023-жылдын 22-декабрында Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети 21-сентябрь – Жусуп Баласагын күнү белгилээрин бекиткен. Мындай чечимдин негизги максаты Ж.Баласагындын чыгармачылыгын барктап, сактап, кеңири жайылтуу. Улуу мурастардын бири –улуу ойчул жана тарбиячы Жусуп Баласагын, ошондой эле анын көркөм адабият жана философиялык мазмунду камтыган “Куттуу билим” чыгармасы мамлекеттик башкаруучунун билимдүүлүгүнө көбүрөөк басым жасалып он кылым бою өз маанисин сактап келет.

**Аннотация:** Автор выделил основные элементы государственного управления в работе известного учёного и государственного деятеля Жусупа Баласагына «Благодатное знание». Сколько бы столетий не прошло, его творчество не утратило своей актуальности и сегодня. Поэтому элементы и принципы государственного управления тогда и сейчас не изменились. В произведении величие человека или главы государства заключается в его знаниях, в нахождении выхода из различных ситуаций посредством знаний. 22 декабря 2023 года Кабинет Министров Кыргызской Республики утвердил проведение 21 сентября – Дня Жусупа Баласагына. Основная цель такого решения – оценить, сохранить и распространить творчество Ж. Баласагына. Одним из величайших наследий является Жусуп Баласагын, великий мыслитель и педагог, а также его произведение “Благодатное знание”, содержащее художественную литературу и философское содержание, которое сохраняет свое значение на протяжении десяти веков с большим акцентом на образованность государственного правителя.

**Abstract:** The author identified the main elements of state governance in the work of the famous Turkish scientist and statesman Jusup Balasagyn, “Blessed Knowledge”. No matter how many centuries have passed, his work has not lost its relevance today. Therefore, the elements and principles of state governance at that time and today have not changed. In the epic, the greatness of a person or a head of state lies in his knowledge, in finding a way out of various situations through knowledge. On December 22, 2023, the Cabinet of Ministers of the Kyrgyz Republic approved the celebration of September 21 - Jusup Balasagyn Day. The main purpose of such a decision is to honor, preserve and widely disseminate the work of J. Balasagyn. One of the greatest legacies is Joseph Balasagun, a great thinker and teacher, as well as his work “blessed knowledge”, which contains fiction and philosophical content, which has retained its significance for ten centuries with great emphasis on the education of the state ruler.

**Негизги сөздөр:** Жусуп Баласагын; “Куттуу билим”; мамлекеттик башкаруу; мамлекеттик башчы; билимдүүлүк; адилетүү башкаруу.

**Ключевые слова:** Жусуп Баласагын; “Благодатное знание”; государственное управление; глава государства; образование; справедливое управление.

**Keywords:** Yusuf Balasagyn; ”Blessed knowledge"; public administration; head of State; education; fair governance.

Жусуп Баласагын кыргыз элинин сыймыгы, анын “Куттуу билим” чыгармасын көптөгөн чет элдик окумуштуулар, мамлекеттик кызматчылар, мамлекеттик ишмерлер колдонуп келишет. Жусуп Баласагындын чыгармасы 1067-1070 жылдарда жазылганына карабастан, азыркы мезгилде дагы актуалдуулугун жоготкон жок. Демек ошол кездеги жана азыркы кезде мамлекеттик башкаруунун элементтери, принциптери өзгөргөн жок. Дастанда инсандын же болбосо мамлекеттин башчыларынын улуулугу биринчиден анынын билими жана акылы жөнүндө баса белгилеген. Акылдуу мамлекет башчы болсо кандай гана оор кырдаал болбосун мамлекетте жолун таап мамлекетти өнүктүрөт. Ыр саптарында билими жок инсан сокур адамдай болуп кайсаландап жол таппай адашып калышы мумкун экендигин жазган. Ошол кезде 11-кылымда билимдүүлөр тактап айтканда “тамга” тааныгандар аз саналуу гана болгон, бирок Жусуп Баласагын көрөнгөч болгондуктан, келечекте жаштарды туура убактысын колдонуп билим алуусуна үндөгөн. Окугандан пайда табат, билимдүүлөр бул жашоодо сый-урмат, жогору жактарда жүрөт.

Демек, мамлекеттик башчылар билимдүү болушу зарыл. Заманбап учурда мамлекет негизги мыйзамында мамлекеттин башчыларына койгон эн негизги талап жогорку билимге ээ болуусу. Билимден кийин автордун ою боюнча төмөндөгүдөй багыттарга буруу зарыл экендигин билдирген: ыймандуулук касиеттерин калыптандыруу. Тактап айтсак билимдин аркасы менен көп баалуулуктарды адам өздөштүрөт: маданиятту болууга, башка адамдар менен туура баарлашууну, өзүнүн келечектеги кесибин туура тандоодо, намыстуу, уяттуу, ыймандуу, жоопкерчиликтүү болууга, адал кызмат өтөгөнгө.

Төмөнкү айтылгандар мамлекеттин башчыларына гана эмес мамлекетте жашаган бардык инсандарга багытталат. Себеби, мамлекеттик башчылар элдин арасынан суурулуп чыгып шайланат.

Жусуп Баласагын чыгармасын жазганда көбүнчө өзүнүн башынан өткөн чет мамлекеттердеги башкаруудагы көргөндөрүн, билгендерин колдонгон десек жаңылышпайбыз. Ал белгилүү чет мамлекеттик ойчулдардын эмгектерин окуп Аль Фараби, Ибн Сина ж.б. андан кийин өзүнүн эмгегин жазгандыгы тууралу маалымдалат.

Өзүнүн чыгармасында Жусуп Баласагын мамлекетти башкаруучуларды мамлекеттин “жүрөгү” катары атаган. Себеби анын оюу боюнча мамлекетти өнүктүргөн да, мамлекетти кыйраткан да мамлекет башчынын иш аракетине, анын билимине, акылына, жоопкерчилигени байланыштуу болот. Улуу грек ойчулдары Платон, Арситеотельдер белгилеп кетишкендей мамлекетти “философтор”, башкача айтканда билимдүулөр, акылдуулар башкарыш керкетигин белгилешкен. Демек, билимдүулөр келиши керек. Мамлеккеттик башкаруучуларды башкача айтканда “элита” деп аталып келет. Элита- (грек. тилинен которгондо –“тандалгандар”, “мыктылар”) – тандалган мыктылар [2] . Элита түшүнүгүн жөн эле статус сыяктуу карабастан, аны бир мамлекеттик башкаруучулардын өз эли үчүн ак ниеттен кызмат кылуунун символу, өтө жоопкерчиликтүү топ катары каралат.

Бул макалада байыркы, советтик жана бүгүнкү кездеги элитанын абалын салыштыруу жасадык.

**Таблица 1. Байыркы, советтик жана азыркы кездеги элита**

| Доордун аталышы | Элитанын табияты | Курамы | Функциялары |
|---|---|---|---|
| Улуу ойчул Жусуп Баласагындын доорундагы элита (11-кылым) | Аскердик-диний | Кагандар, бектер, манаптар | Башкаруу - салтты, динди сактоонун негизинде |
| Советтик мезгилдеги | Командалык- | СССРдин | Коммунисттик |

| | | | |
|---|---|---|---|
| (1918-1991) | административдик башкаруу | Компартиясынын борбордук комитети | идеологиянын негизинде башкарууу жүргүзүү |
| Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болгон мезгилдерден бери башкаруусу | Олигархиялык, кландык | Президент, депутаттар, министрлер | Бийлик үчүн күрөш |

Таблица 1 салыштырмалуу анализде биз алып караган 3 доордо окшоштуктарга караганда айырмачылыктары көбүрөөк экени байкалды. Ал эми таблица 2. Элитанын ар бир доордогу окшоштуктарын карасак.

**Таблица 2. Элитанын үч доордогу окшоштуктары**

| Бийликтин концентрациясы | Салттык көрүнүштөр | Идеологиялык негиз |
|---|---|---|
| Ар кандай доордо коомдун үстөмдүк кылган катмары негизги ресурстарды башкаруу укугуна ээ болуп, маанилүү чечимдерди кабыл алган | Караханиддер доорунда да, азыркы мезгилде да уруулук байланыштар олуттуу ролду ойнойт | 11-кылымда ислам басымдуулук кылса, СССР мезгилинде коммунизм идеологиясы үстөмдүк кылган, ал эми азыр улутчулдук жана демократия негизги багыттар болуп саналат |

Жогорку таблица көрсөтүлгөндөй Жусуп Баласагындын доорунда элита аскердик-диний, Советтик мезгилде партиялык, азыркы мезгилде элита тактап айтканда 2021-жылдан бери мамлекеттик денгээлде коррупция менен күрөшүп саясий туруктуулукка багыт алуу иштери жүргүзүлүүдө.

Бүгүнкү күндө мамлекетти башкаруучулар, жаштар үчүн Жусуп Баласагындын чыгармасы керек экенин далилдейбиз. Ал көп кырдуу ойчул инсан болгодуктан өзүнүн чыгармасында мамлекетти башкаруу, жашоонун философиясы, үй-бүлө, жаштарды тарбиялоо боюнча жазган. Таӊ калыштуусу ошол кездеги билим берүү мекемелери жок эсе болсо дагы, ал жаш муундарды билими жок болсо келечеги жок экени жөнүндө баяндаган [3].

Биздин мамлекет эгемендүүлүккө ээ болгодон бери 34-жыл ичинде билим берүү системасында оор мезгилдерге учурады. 2022-жылдан бери мамлекет боюнча 150-мектеп курулуп, жаңы китептер басылып чыгарылып, мугалимдердин айлык акылары жогорулады. Эгерде мектептерде орун, китеп жетиштүү эмес болсо биздин мамлекетти келечекте кимдер башкарат... Күчтүү, өнүккөн мамлекеттердин билим берүү системалары мамлекет тараптан абдан жакшы каржыланат. Ошол себептен күчтүү кадрлардын чыгышынын көрсөткүчү.

Биз жогоруда белгилеп кеткендей жусуп Баласагындын “Кутту билим” дастаны философиялык ой жүгуртүү менен тыгыз байланышта болгодуктан адамдын турмушуна анын ой жүгүртүүсүнө, жашоонун мыйзам ченемдерин туура аныктоого туура жол көрсөтөт.

Жусуп Баласагындын дүйнө таанымы боюнча, адамдар дароо эле акылман же илимпоз болуп төрөлүшпөйт. Наристелер сүйлөөнү белгилүү бир убакыттын ичинде үйрөнгөндөй, билим да узак эмгекти жана тырышчаактыкты талап кылат. Окуу, тарбия жана күнүмдүк практика аркылуу адам билим топтоп, акылын өнүктүрөт.

Жусуп Баласагын билим алуунун маңыздуулугун баса белгилеп, жаштайынан окуп, тырышчаактык менен илимге умтулган адам максатына жетерин айткан. Анын көз карашы боюнча, акыл – адамдын негизги касиети жана ал мээнин функциясы катары каралат. Акыл адамды башка жаныбарлардан айырмалап, билим адамды асыл сапаттарга жеткирет.

Бул идеялар илимдин жана билимдин коомдук өнүгүүгө тийгизген таасирин баса белгилейт, ошондой эле табияттын сырларын ачууга жана анын мыйзамдарын колдонууга адам жөндөмдүү экенин көрсөтөт. Билимдин күчү, акылдын мааниси жана тырышчаактыктын натыйжалуулугу Жусуп Баласагындын көз карашында өзгөчө орунду ээлейт.

Азыркы кезде дагы мамлекеттик кызматчылар өзү билимин дайыма өркүндөтүп, ар кандай оор маселелерди чечкенген даяр болушу керек [5].

Анын чыгармасында билимдин түбөлүктүүлүгү, анын коомдогу орду ошондой эле акылдын, аң сезимдин дагы ролу аныкталат. Анын оюу боюнча башкаруучу терең билимдүү болсо эң жакшы, бирок ал кичи пейил, чынчыл, жоопкерчиликтүү, жөнөкөй, сабырдуу, калыс, саран эмес, шашма эмес сапаттарга ээ болушу боюнча маалымдаган. Дастандын үзүндүлөрүнө токтоло кетсек:

Ал акылдуулук жөнүндө мындай деп жазган:

Акылдан элге жыргал бакыт келет,
Акылдууну даанышман атоо керек.
Шашмалык, акылсыздык, текебердик
Буларды акмак, наадан жандан көрдүк. [4]

Ушул ыр саптарын терең изилдесек – мамлекеттин башчысы акылдуу болсо гана элдин жашоосу оңолуп, жыргал турмушта жашайт. Акылдуу, көрөнгөч башчы болуш үчүн негизинен билимдүү болушу абзел. Ар бир кабыл алып аткан мамлекеттик чечимдерди шашпай, кылдаттык менен кабыл алынышы.

Тактап кетсек Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” чыгармасынын өзөгүн төрт негиз түзөт [1]:

1. Адилет – Күнтууду өкүм бийликти ак өтөөгө милдеттүү, ак жолду жаза баспас, адил, өкүмдар ысмы.
2. Айтолду – өкүмдарга ырыс, дөөлөт берээр башкы вазир.
3. Акдилмиш – ак караны айра билген, дили ак таза адам.
4. Өткөрмүш – байлыкка, мансапка кызыкпас, каниет ысмы.

Жусуп Баласагындын дастанында негизги каармандар катары өзү жана Табгач каган сүрөттөлөт. Табгач каганды ал Күнтууду деп атаган, ал эми өзүн Айтолду деп белгилеген. Дастанда түрк баласынын күнтуулчу жакта же Кашкардын ханы болуп калганы анын чоң кубанычына жана сыймыгына айлангандыгы көрсөтүлөт. Ушундан улам, ал чыгармачыл эмгегин ушул окуяга арнап, өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин ага берилген мамлекеттик кызматын жоопкерчилик жана абийирдүүлүк менен аткарган. [4]

Жусуп Баласагындын мамлекет башкаруу жөнүндөгү ой-пикирлерине токтоло кетсек ал өзунүн чыгармасында мамлекеттик башкаруу ошондой эле адилетүү мамлекетти башкаруучулар боюнча кеңири жазган. Өзунун чыгармасында турк элдеринин концепцияларына таянып, мамлекеттик башкаруунун негизги принциптерин белгилеген:

1. Адилеттүүлүк. Анын оюу боюнча мамлекетин эң негизги тиреги болот. Жусуп Баласагын мамлекет башкарууда адилеттикти эң жогорку баалуулук деп эсептеген. Анын көз карашы боюнча, калыстык болбосо мамлекет ыдырайт, эл башчысы болсо адилеттүү болууга милдеттүү. Ал адилеттиктин негизинде элдин бакубат жашоосу камсыздалат деп баса белгилеген. Адилетүүлүк болбогон мамлекетте коомдогу жакырчылык, миграция, акылдуулардын башка мамлекеттерге кетип калышы коркунучу бар. 1991-2010-жылга чейин биздин мамлекетибизде адилеттүү башкаруучулук болбогондуктан канчалаган мыкты жарандарыбыз чет мамлекеттерге чыгып кетишкен.

2. Билимдүүлүк жана акылмандуулук. Башкаруучу акылман болууга тийиш, анткени илим жана билим аркылуу гана туура чечимдер кабыл алынат. Жусуп Баласагын билимди мамлекеттик башкаруунун негизги күчү деп эсептеген жана окумуштуу башкаруучу элди өнүгүүгө жетектейт деген ойду карманган. Жалпы билим берүү системасы азыркы кезде модернизацияланууда. Бир минитсрликтин ордуна эки минисирлик түзулгону туура болду деген ойдобуз. Себеби мектептеги билим менен жогорку билим эки башка каралышы туура болду.

3. Сүйлөгөндү, мамиле, баарлашууну кылганды билген. Башкаруучу жоош, сылык жана ойлонуп сөз сүйлөшү керек. Анын ой-жүгүртүүсүндө, башкаруучу өз элине жакшы сөз жана акылдуу кеңеш менен мамиле кылса, анда эл ага ишенет жана колдойт. Азыркы кезде мамлекет башкаруучу мамлекеттик тилде жакшы, так сүйлөшү керек. Расмий тилде дагы, керек болсо башка чет тилдерди билсе андан жакшы. Көп мааниси жок создөрдү сүйлөбөстөн, кыска жана нуска суйлөп билиши.

4. Эл үчүн кызмат өтөө- негизги миссиялардын бир болуп эсептелет. Жусуп Баласагын эл башкаруучулардын элдин жыргалчылыгы үчүн иштөөсү керектигин айткан. Элге кызмат кылуу – бул башкаруучунун негизги милдети, ал эми жеке кызыкчылык же кадыр-баркка умтулуу мамлекетке зыян келтирет. Мамлеке башчылар эстен чыгарбашы керек, алар кызмат өтөп аткандыгын. Мамлекеттен каржыланып айлык акы жана башка мыйзамда каралган социалдык кепилдиктер менен каржыланып аткандан

кийин, эл үчүн гана кызмат өтөшү керек.

5. Мамлекеттик башкаруудагы башкаруучуну улуу ойчул образдар аркылуу баяндаган төрт сапаты: Күн-толду – адилеттик символу, башкаруучунун калыстыгы. Ай-толду – бакыт символу, башкаруудагы ийгилик. Өгдүлмүш – акыл жана билим, башкаруучунун көрөгөчүлүгү. Откурмыш – ырайымдуулук, элге кызмат кылуу.

Жусуп Баласагындын мамлекет башкаруу тууралуу ой-пикирлери адилеттик, билим, акылмандык жана элге кызмат кылуу принциптерине негизделген. Анын философиясы бүгүнкү күндө да актуалдуу болуп, жакшы башкаруунун негиздерин чагылдырган улуу мурас болуп саналат. Мамлекет башчылары гана эмес, коом дагы билимдүү болушу абзел. Себеби эртенки мамлекет башчылары ошол коомдун ичинен шайланышат, дайындалат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. – Бишкек, 1991.
2. Сатыбекова Т. Жусуп Баласагындын тарбия жөнүндөгү ой толгоосу // “Эл агартуу” журналы. – Бишкек, 1994, №6.
3. Козубаев Ө. “Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат ” же Жусуп адепти кандай баалаган // “ Кут билим ” газетасы. – Бишкек, 1994.
4. Жусуп Баласагын тууралу баян / Китепти түз. К. Артыкбаев; жалпы ред. башкарган А.Ч. Какеев. – Бишкек: АРХИ, 2004, 185-б.
5. Нурматова Г.А. Применение методов в обучении государственных и муниципальных служащих // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2015, вып. 1, с. 211-216.


**Рецензент: к.полит.н., доцент Колопов А.С.**